КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САНАРИПТИК ӨНҮКТҮРҮҮ МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО ЦИФРОВОГО РАЗВИТИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

2024-жылдын 28-марты № 107 Бишкек ш.

## Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин 2024-жылына коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 25-сентябрындагы № 180 “2021-2024-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү жана анын себептерин жоюу боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө” Жарлыгына ылайык, Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 8-августундагы № 153 "Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө" Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15 ноябрында № 257 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги жөнүндө жобону жетекчиликке алып, **буйрук кылам:**

1. Бекитилсин:

- Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин 2024-жылына коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча иш-чаралар планы (мындан ары - План)1-тиркемеге ылайык;
- Планды аткаруу отчетунун формасы 2-тиркемеге ылайык.

2. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин (мындан ары -Министрлик) түзүмдүк, ведомстволук бөлүнүмдөрүнүн жетекчилери Планды белгиленген мөөнөттө талаптагыдай аткаруу боюнча бардык зарыл чараларды көрүшсүн.

3. Министрликтин инспекциялык иштер жана коррупцияны алдын алуу бөлүмү квартал сайын, отчеттук мезгилден кийинки айдын 10уна чейин:

- Планды аткаруу жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Коррупцияга каршы иштиктүү кеңешке жиберсин;
- Планды аткаруу жөнүндө маалыматты Министрликтин расмий ведомстволук сайтына жарыялоо үчүн Министрликтин басма сөз кызматына жөнөтсүн.

4. Министрликтин басма сөз кызматы Планды Министрликтин ведомстволук сайтына жайгаштырсын.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

6. Иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмү ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин түзүмдүк жана ведомстволук бөлүмдөрүнүн жетекчилерине жеткирсин.

7. Министрликтин төмөнкүдөй буйруктары күчүн жоготту деп таанылсын:

- 2023-жылдын 24-апрелиндеги № 137 «Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин 2023-2024-жылдарга коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө»;
- 2023-жылдын 14-ноябрындагы № 372 «Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин 2023-жылдын 24-апрелиндеги №137 «Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин 2023-2024-жылдарга коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө» буйругуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө».

7. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоону өзүмө калтырам.

**Министр** **Н.А. Кутнаева**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН